**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**КАРА-БУУРА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КАРА-БУУРИНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723900 Кызыл-Адыр айылы, Ч.Айтматов к.№ 7
тел. (03456) 2-68-88,
e-mail: adm44@shailoo.gov.kg

723900 с. Кызыл-Адыр ул. Ч.Айтматова № 7
тел. (03456)2-68-88,
e-mail: adm44@shailoo.gov.kg

Чечим № 11

14.04.2021-жыл Кызыл-Адыр айылы

“Клооп-Медиа” коомдук фондунун даттануусу жөнүндө

2021-жылдын 11-апрелинде Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жана Референдум бүткүл элдик добуш берүү күнү Кара- Буура аймактык шайлоо комиссиясы №6044 Үч-Булак участкалык шайлоо комиссиясында орун алган шайлоо мыйзамдарын бузуулар боюнча “Клооп-Медиа” коомдук фондунун даттануусун карап чыгып, төмөндөгүлөрдү белгилейт.
“Клооп-Медиа” коомдук фонду өзүнүн даттануусунда № 6044 шайлоо участогунда шайлоочу добуш берүүнүн купуялыгын бузган, бюллетенди талапкердин байкоочусуна көрсөтүп кетти деп айтылган жана ошол эле убакта кайра УШК мүчөлөрү тараптан кайрылууга тез аранын ичинде чара көрүп акт түзүлүп бюллетень жокко чыгарылганын белгилеген.

Экинчи дагы бир маселе ушул эле участокто ички иштер кызматкери КФ “Клооп-Медиа” коомдук байкоочусуна видео тартканга тыюу салганын жана участоктон чыгып кетүүсүн сураган.

Ушуга байланыштуу КФ “Клооп-Медиа” Кара-Буура аймактык шайлоо комиссиясынан № 6044 Үч-Булак шайлоо округунун добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарууну суранат.

Аталган маселени бир тараптан карабоо үчүн №6044 Үч-Булак УШКсынын төрагасы К.Жумабекова жана катчысы К Өмурбекова, КФ “Клооп-Медиа” өкүлү М.Норузбаевалар да чакырылды.

Иштин материалдарын иликтеп карап чыгып жана “Клооп-Медиа” КФ өкүлү М.Норузбаеванын түшүндүрмөсүн жана УШК төрагасы менен катчысынын билдирүүлөрүн угуп,берилген фото жана видео материалдар менен таанышып Кара-Буура аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкүлөрдү белгилейт.

Добуштун купуялуулугу сакталбагандыгы тууралуу УШК мүчөлөрү тараптан ошол замат чара көрүлүп бюллетенди жокко чыгарган жана ал жалпы добушка эч кандай таасир бербегени белгиленди.

Экинчи маселе боюнча да УШКнын төрагасы ошол замат коомдук байкоочунун берген маалыматына ошол замат реакция берип ички иштер кызматкерине түшүндүрмө берип:

-байкоочу добуштун купуялуулугун сактоо менен видео жана аудио жазуу жүргүзө ала тургандыгын билдирген. Ошону менен наразычылык болгон эмес.

Жогорудагы баяндалгандардын негизинде Кара-Буура аймактык шайлоо комиссиясы №6044 УШКсында добуш берүүнүн купуялуулугу бузулгандыгы боюнча далилдер жоктугун белгиледи.

Баяндалгандардын негизинде "Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын жана "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча" мыйзамынын 20-беренесин жетекчиликке алып, Кара-Буура аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүдөй

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. "Клооп-Медиа" коомдук фондунун 2021-жыл 13-апрелдеги даттануусун канааттандыруудан баш тартылсын.
2. №6044 Үч-Булак УШК сынын төрагасы К.Жумабековага жана катчысы К.Омурбекованы добуш берүүчү жайда түзүлгөн кырдаал боюнча түшүндүрмөлөрдү өз учурунда берип, арыз даттанууларга жол бербөөнү камсыз кылсын деп эскертүү берилсин.
3. Ушул чечимдин көчүрмөсү "Клооп-Медиа" коомдук фондуна жөнөтүлсүн.

Кара-Буура АШК төрагасы: К.Токоева

Катчысы: Ф.Чаргынова